Тиркеме 11. Жатакананын паспортунун нускасы


**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Медициналык колледжи**

# Жатакананын паспортунун нускасы

# Р е з ю м е



## Маматов Нурбай Апиевич

**Туулган күнү: 30.04.1965.**

**Билими: жогорку Шадринский Индустриально Педагогический Техникум РФСР1983.1988**

**Ээлеген кызмат: №6 жатаканын коменданты**

**Байланыш тел. 0776619912**

# ОшМУнун жатаканалар жөнүндө жобосу

**Ош мамлекеттик университетинин жатаканалар жөнүндө Жобосу**
*(жобо 2010-жылдын 15-февралында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин №6-жыйынында бекитилген)*

**I. Жалпы жобо**

1.1. ОшМУнун студенттик жатаканалары университеттин базасындагы социалдык обьект болуп саналат;

1.2. Студенттик жатаканага алыскы райондордон келген жана жатаканага муктаж ОшМУнун күндүзгү, кечки бөлүмдөрүндө билим алып жаткан студенттер бир жылдык келишимдин негизинде жашай алат;

1.3. Жашоочуларга университет социалдык жактан керектүү шарттарды (эс алуу бөлмөсү, душ, ж.б.у.с.) түзүп берет жана инвентарлар менен камсыз кылат;

1.4. Жатаканадагы электр жарыгы, газ, суу, жылуулук системаларынын өз убагында берилип турuusу жана үзгүлтүксүз иштөөсү университет тарабынан камсыздалат;

1.5. Шаардагы коммуналдык тейлөөлөргө болгон баа жогорулаган учурларда жатакананын келишимдик акысы да жогорулайт;

1.6. ОшМУнун жатаканалары уюштуруу, тарбиялык иштер жагынан тарбия департаментинин курамына кирет;

1.7. ОшМУнун жатаканалары боюнча координатору, жатакананын коменданттары тарбия департаментинин директору тарабынан сунушталып, ректор дайындайт жана алар ушул жобого ылайык иш алып барат.

**II. Студенттерди жатаканага жайгаштыруу**

2.1. Студенттерди жатаканага жайгаштыруу окуу жылынын башталышында 25-августтан 10-сентябрга чейин жүргүзүлөт;

2.2. Жатаканага алгач алыскы райондордон келген төмөнкү курстун студенттери жайгаштырылат, эгер бош орундар болсо жогорку курстарга да берилет;

2.3. Студенттерди жайгаштыруу жана бөлмөлөрдү бөлүштүрүү тарбия департаменти тарабынан жүргүзүлөт; Студент жатаканага жайгашуу үчүн төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- Ош МУнун ректорунун наамына арыз жазууга;
- Студент өзү окуган факультеттин деканынын же анын тарбия иштери боюнча орун басарынын колун койдурууга;
- Тарбия департаментинин жетекчисинен же жатаканалар боюнча координатордон бөлмө алууга;
- Тарбия департаментинин жетекчисинен уруксат алууга;
- Жатакана акысын ОшМУнун кассасына толук төлөөгө;
- ОшМУнун медициналык пунктунан медициналык кароодон өтүүгө;
- ОшМУнун жатаканалары боюнча координаторунан ордер алып, каттоодон өткөн күндөн тартып студент тиешелүү жатаканада жашоо укугуна ээ болот;

**III. Студенттик жатаканада жашаган студенттердин милдеттери жана укуктары**

**Жатаканада жашаган студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.1. Жатаканага жашоо үчүн акча каражатын алдын ала төлөөгө жана тиешелүү